**«Б е к и т е м и н»**
Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек
Эл аралык университетинин
илимий иштер боюнча проректору,
т.и.д., профессор
_________________
Исманов М.М.
2021-жылдын «11» __________

Батыралы Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин табигый-илимий билим берүү жана окутуунун усулдары кафедрасынын Момошева Гулиза Абылкасымовнанын «Кичи шаарлардын кайра жаралуусу аймактын өнүгүүсүнүн жана социалдык-экономикалык жаңылануусунун фактору катары (Кыргызстандын түштүк аймагынын мисалында)» деген темадагы 25.00.24 – экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына жетектөөчү мекеме катары

## СЫН-ПИКИРИ

**1. Диссертациянын изилдөө темасынын актуалдуулугу**

Бүгүнкү күндө Борбордук Азияда, анын ичинде Фергана өрөөнүндө урбанизациялык процесстер курч жүрүшү менен мүнөздөлөт. Бул көрүнүш Кыргыз Республикасында түштүк аймагына да түздөн-түз тиешелүү. Эгемендүүлүк шарттарында республикада 11 кичи шаар пайда болгон. Ал эми түштүк аймакта бүгүнкү күндө 18 шаар конушунун ичинен 14ү кичи шаарлар категориясына кирип, аймактын жалпы шаар калкынын 37,3%ын жана республикадагы кичи шаарлардын калкынын 58,1%ын түзөт. Алардын өсүп-өнүгүү жолдору түрдүү тарыхый-географиялык жана социалдык-экономикалык өзгөчөлүктөр менен коштолот: пайда болуулары 1940-жылдан 2012-жылга, деңиз деңгээлине карата жайгашуу абалдары 585 м ден 1980 м ге, борбордон алыстыгы 276 км ден 1055 км ге, калкынын саны 11,9 миңден 43,8 миңге, адам башына болгон киреше 780 сомдон 4979 сомго чейин айырмаланып келет. Бул өз кезегинде экономикалык, социалдык, экологиялык жана саясий маанидеги көйгөйлөрдү жаратып, ар түрдүү деңгээлдеги уюштуруучулук-экономикалык аракеттерди жана илимий-практикалык иликтөөлөрдү талап кылат.

Биздин өлкөдөгү аймактык өнүгүүгө багытталган расмий иш-аракеттер, алардын ичинде 2017-жылы аймактык саясат боюнча концепциянын кабыл алынышы, 2018, 2019 жана 2020-жылдардын аймактарды өнүктүрүү боюнча жарыяланышы, алардын алкагында мамлекеттик жана аймактык масштабдагы иш-чаралар кичи шаарларды системалык кризистен чыгаруу, рынок шарттарында алардын өз алдынча өнүгүүсүнүн эффективдүү жолдорун издөө, аймактын социалдык-экономикалык жаңылануусунун өзгү

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 02/1 «18» 06 2021 ж/г

катары кароо сыяктуу стратегиялык максаттарды көздөйт. Мында кичи шаарлардын экономикалык-географиялык абалдарынын өзгөчөлүктөрүн аныктоо, алардын негизинде өсүү точкаларын калыптандыруу, калк жана өндүрүш үчүн бирдиктүү инфраструктуралык базаны кеңейтүү максатында өсүү линияларын жана өсүү коридорлорун түзүү иштери артыкчылыктуу мүнөзгө ээ.

Аталган маселелер республикалык жана аймактык деңгээлдерде теориялык жактан да, практикалык жактан да толук иштелип чыга элек жана мындай багыттагы изилдөөлөрдө экономикалык жана социалдык географиянын чечүүчү ролу бар. Мына ушуга байланыштуу диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугу, анын теориялык жана практикалык маанилүүлүгү Кыргызстандын түштүгүндөгү кичи шаарлардын аймактын социалдык-экономикалык жаңылануусунун фактору катары өнүгүүсүн илимий жактан кароо менен аныкталып турат.

Бул илимий иштин маанилүүлүгү ОшМУнун экономикалык география, тармактык экономика жана туризм кафедрасынын «Кыргызстанда өндүргүч күчтөрдүн жана туризмдин өнүгүү жана жайгашуу маселелери» (№ 0007521) аттуу илимий-изилдөө ишинин алкагында аткарылгандыгы менен да аныкталат.

**2. Алынган жаңы илимий жыйынтыктар жана изденүүчүнүн аларды алуудагы жеке катышуусу**

Диссертациялык иштин авторунун алдында аталган изилдөө аймагындагы кичи шаарлардын азыркы өнүгүү өзгөчөлүктөрү, экономикалык-географиялык абалдары жана алардын рынок шарттарына жараша өзгөрүүсү, кичи шаарлардын өсүп-өнүгүү келечеги, ага ылайык өнүгүү стратегиясын жана шаарлардын мүнөздүү бренддерин иштеп чыгуу маселелерин кароо боюнча жөнөкөй эмес маселе турган. Мында бул багыттагы маалыматтардын жетишсиздигин же жоктугун эске алса болот.

Диссертант тарабынан алгачкы маалыматтарды топтоо, аларды системага салуу жана статистикалык жол менен иштеп чыгуу, алынган натыйжаларды чечмелөө жана корутундуларды иштеп чыгуу боюнча көп эмгек жумшалган.

Изденүүчү Момошева Г.А. Кыргызстандын азыркы шарттарында кичи шаарларды экономикалык жана социалдык географиянын объектиси катары биринчи жолу кароо менен алардын өнүгүүсүндөгү экономикалык-географиялык абалынын өзгөчөлүктөрүнө компоненттик баалоо жүргүзүү, кичи шаарларды функционалдык-типологиялык топторго бөлүү, кичи шаарлардын өнүгүү стратегиясында өсүү точкаларын, өсүү линияларын жана өсүү коридорунун калыптандыруу жана шаар брендин түзүү боюнча милдеттерди ийгиликтүү түрдө чече алган деп эсептейбиз. Мунун баары изилдөөнүн жаңылыгын аныктайт.

**3. Илимий натыйжалардын негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү**

Алынган натыйжалардын негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү изилдөө процессинде статистикалык маалыматтар, расмий органдардын билдирүүлөрү, экспедициялык усулдардын натыйжалары ж.б. колдонулгандыгы менен аныкталат. Картографиялык материалдар геомаалыматтык системалар технологиясы менен аткарылган.

Диссертациянын негизги натыйжалары 2010-2020-жылдар аралыгында ар кандай деңгээлдеги конференцияларда жана семинарларда баяндалган: I и II Матикеевдик окууларда, ОшМУ, 2019 жана 2020; Кыргыз Республикасынын Илим күнүнө арналган “Экономикалык география жана аймактык экономиканын актуалдуу проблемалары” аттуу илимий семинарда, ОшМУ, 2018; «Совершенствование учета, анализа и контроля как механизмов информационного обеспечения устойчивого развития экономики» аттуу IV эл аралык сырттан илимий-практикалык конференцияда, Дагестан мамлекеттик университети, 2018: “География: развитие науки и образования” аттуу жыл сайын өтүүчү эл аралык илимий-практикалык конференцияда, Санкт-Петербург мамлекеттик университети, 2020 ж.б.

**4. Илимий натыйжалардын жана жыйынтыктардын жаңылык деңгээли, алардын ички биримдиги**

Диссертант тарабынан биринчи жолу төмөнкүлөр иликтенген:

- Кыргызстандын азыркы шарттарында кичи шаарларды экономикалык жана социалдык географиянын объектиси катары биринчи жолу каралган жана алардын өнүгүүсүндөгү экономикалык-географиялык абалынын өзгөчөлүктөрүнө компоненттик баалоо жүргүзүлгөн;
- шаарлардын өнүгүү жана жайгашуу артыкчылыктарын аныктоо максатында алардын экономикалык-географиялык абалдарын баалоо боюнча атайын методика иштелип чыккан;
- аймактагы кичи шаарлар функционалдык-типологиялык топторго бөлүнгөн;
- кичи шаарлардын өнүгүү стратегиясында өсүү точкаларын, өсүү линияларын жана өсүү коридорунун калыптандыруу жана шаар брендин түзүү концепциясы иштелип чыккан;
- кичи шаарлардын географиялык жана социалдык-экономикалык өнүгүү абалдары боюнча ГМС-технологиянын негизинде электрондук карталар түзүлгөн;
- кичи шаарлар аймактын социалдык-экономикалык жаңылануусунун негизи катары алардын өнүгүүсүнүн багыттары иштелип чыккан.

Автор тарабынан алынган бардык натыйжалар өз ара байланыштуу жана анын өзүнүн теориялык жана эксперименталдык изилдөөлөрүнөн алынган.

**5. Диссертациянын 25.00.24 адистигине туура келиши**

Диссертация 25.00.24 – экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география адистигине туура келет.

**6. Диссертациянын алынган натыйжаларынын практикалык мааниси**

Изилдөөнүн айрым жоболорун жана сунуштарын шаар конуштарын жана чарбаларын комплекстүү өнүктүрүүнүн мамлекеттик жана аймактык программаларын иштеп чыгууда колдонуу мүмкүнчүлүгү түзөт. Кыргызстандын түштүк аймагында жайгашкан кичи шаарлардын экономикалык-географиялык абалы талдоонун натыйжалары каралып жаткан шаарлардын экономикасын өнүктүрүү, тармактык дифференциация жүргүзүү жана чарбалык байланыштарын кеңейтүү иштеринде пайдалуу. Диссертациянын айрым теориялык-методологиялык жоболору жогорку окуу жайларында урбанизацияга байланышкан предметтерди окутууда негиз боло алат. Мунун негизинде Ош мамлекеттик университетинин "География" багытынын студенттери үчүн айрым предметтерде материал катары окутулган.

Негизинен диссертант тарабынан алынган жыйынтыктар пайдалануу үчүн төмөнкүлөргө сунушталат: а) урбанизация жана шаар куруу боюнча КР УИАнын тиешелүү институттары; б) жогорку окуу жайларынын тиешелүү кафедралары; в) шаар куруу боюнча мамлекеттик орган; г) жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары.

**7. Диссертациянын негизги жоболорун, натыйжаларын жана жыйынтыктарын изденүүчү тарабынан толук жарыяланышын тастыктоо**

Диссертациянын материалдарынын негизинде 23 эмгек, анын ичинде 14 макала чет өлкөлөрдө (Казакстан Республикасы, Россия Федерациясы жана Таджикстан Республикасы) жарыяланган.

Диссертация киришүүдөн, 3 баптан, корутундудан жана адабияттардын тизмесинен турат. Иштин кол жазмасы 182 бет текстте чагылдырылып, 14 таблица, 6 сүрөт, 5 карта жана 122 аталыштагы адабияттарды камтыйт.

**8. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши**

Автореферат диссертациянын негизги мазмунуна дал келет.

**9. Диссертациянын мазмуну жана жасалгалоосу боюнча кемчиликтер**

Диссертациянын структурасын 3 бөлүккө бөлүп, 1-бөлүгүн илимий-теориялык негиздер, 2-бөлүгүн азыркы абалын талдоо, 3-бөлүгүн башкы багыттар катары көрсөтсө максатка ылайык болмок.

Ошондой эле диссертациянын текстинде кездешкен айрым орфографиялык жана стилистикалык каталарды белгилөөгө болот.

Бирок бул кемчилдиктер алынган илимий натыйжалардын ишенимдүүлүгүн жана маанисин төмөндөтпөйт.

**10. Корутунду**

Момошева Гулиза Абылкасымовнанын «Кичи шаарлардын кайра жаралуусу аймактын өнүгүүсүнүн жана социалдык-экономикалык жаңылануусунун фактору катары (Кыргызстандын түштүк аймагынын мисалында)» деген темада жазган диссертациялык иши жогорку илимий деңгээлде аткарылган, 25.00.24 – экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы КР ЖАКтын кандидаттык диссертацияларга тиешелүү талаптарына толук жооп берет, ишти кичи шаарлардын өнүгүүсүнүн экономикалык-географиялык өзгөчөлүктөрүн аныктоо боюнча илимдин тиешелүү тармагы үчүн олуттуу салым кошот деп тастыктоого болот жана автор ушул адистик боюнча географиялык илимдердин кандидаты даражасын алууга татыктуу.

Бул сын-пикир Батыралы Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин табигый-илимий билим берүү жана окутуунун усулдары кафедрасынын кеңейтилген отурумунда 2021-жылдын 9-июнундагы № 10 протоколу менен каралды жана талкууланды.

**Отурумдун төрагасы,**
**экономика илимдеринин доктору, профессор** **Райымбаев Ч.К.**

**Катчы,**
**география илимдеринин кандидаты, доцент** **Камилова Л.Т.**

КЫРГЫЗСКО-УЗБЕКСКИЙ МЕЖДУНАРОДНЫЙ УНИВЕРСИТЕТ ИМЕНИ БАТЫРАЛЫ СЫДЫКОВА
ЗАВЕРЯЮ
Начальник ОК
«11» 06 2021 г.
ИНН 01103199810027

714017, Ош ш., Айтиев көч., 27
03222 55345
kuu_2019@mail.ru